50

Институт языка, литературы и истории
Инв. № 50
154 стр 1979 г.

~~1001~~

Шапак Рысмендеев
„Манас"
и
Манастын осурум
чагы.
1948 ж.

1001 инв. ~~184~~

II- Бөлүм.

# „Манастын өсүрүм чагы"

Айткан: Шапак Ырысмендеев.
85 жашында.

Жазган: Наматов жанек.

шаар. Фрунзе улица Герцена дом №50.

1948-жыл, февраль.

Институт языка, литературы и истории
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 50
154 стр. 1979.

# Мазмуну

| № | | бет. |
|---|---|---|
| I. | Манастын Карабөркүлү алганы. | 1. |
| II. | Билериктин окуясы. | 5. |
| III | Манастын Самарканга көчкөнү | 8. |
| IV. | Манастын Алооке ханды багынтканы | 9. |
| V | Манастын Шоорук ханды жеңгени. | 13. |
| VI. | Алмамбеттин окуясы. | 20. |
| VII | Алмамбет Көкчөгө келиши | 29. |
| VIII. | Алмамбеттин Манаска келиши. | 6[illegible] |
| IX. | Манастын Кокойкун жылкысын алышы. | 80. |
| X. | Манастын Каныкейди алышы. | 89 |
| XI. | Чыйгайдын көчүп келиши. | 134. |
| XII. | Козкамандардын келиши | 135. |
| XIII. | Манас баатыр Ооганды жеңгени. | 141. |
| XIV. | Байжигиттин тою. | 144. |
| XV. | Козкамандардын Манаска жамандык кылышы. | 145. |
| XVI. | Козкамандардын өлүштөрү. | 153. |

# Манастын Карабөркту алганы.

Бир күнү Манас ойлонуп,
Ойлоп акыл толгонуп,
Ар качандан бир качан,
Ушу менин өзүмдө,
Калмак менен Кытайлар,
Кастарын тикти капырлар.
Асылганын койбоду,
Алабыз деп ойлоду.
Алты шаар, Күмүл жери бар,
Анжакта кара кытайдын,
Албан түрдү эли бар.
Толуп жаткан каны бар,
Санат жеткис жаны бар,
Ошол кандар ичинен,
Алтайда жаткан бул биле,
Келүүгө кылган камы бар,
Менден качып кутулган,
Нескара менен чоң Жолой,
Кабар берген чагы бар. 38
Кетирбестен баралы,
Кызылталак капырга,
Керишти кешир салалы.
Ошол кандар ичинде,
Кайып кан деген каны дейт,
Калкынын канча саны дейт.
Анын кызы Карабөрк,
Ургачы болгон жеринде,
Эч болбойт экен андай көрк.
Барып кызын алалы,
Бербейин десе кайынка,
Акыр заман башына,
Ошол жерде салалы!
Бир эле Кара-бөрк эмес,
Миң кызын олжо алалы,
Ат сооруна салалы,"
Деп ойлонтит эр Манас,
Кол камылгын камдады,
Күмүлдүн жерин карата,

Аттанып жаңо салганы,
Найзанын учуу чабышып,
Азамат башы кагышып.
Азгана элес мал журуп,
Арада канча жыл журуп.
Кумулдун келди жерине,
Нугдай кытай элине,
Кайыптын шаарын камады
Тышка чыккан адамын,
Карсылдатып сабады.
Мына ошондо Кайыпкан,
Кабарчыдан кеп угуп,
Алтайда жаткан шер Манас,
Калың кара кол менен,
Кайтадан түштү деп угуп.
Журогу кетип кабынан,
Билеги кеткен сабынан,
"Айла кандайын болот деп, 38.
Ачуланса ал Манас,
Алтай журттун баарысын,
Ажыдардай сорот деп.
Жалынсаң жаның койбойт деп,
Жалбарган менен болбойт деп.
Арага элчи салалы,
Жыктап кабар алалы,
Айтканына конолу,
Арабай тарту берели"
Деп ошонтип Кайыпкан,
Кодон, Кодур чеченин,
Калктан чыккан эченин,
Арага элчи жиберди,
Айтып созун шиберди.
Кодон, Кодур кеткени,
Арстан Манас алдына,
Кытайынча жугунуп,
Келип салам бергени.
Кодон, Кодур чечени,
Кызыл тилин кайрады,